**А.Койгелдиев атындагы Бейшеке орто мектебинин 2019-2020-окуу жылына карата жыл боюнча аткарылган иш-чараларына тарбия иштери боюнча директордун орун басары Байсаева М.Э.салыштыруу анализи.**

Тарбия иштери жыл башында белгиленген пландарга ылайык жүргүзүлдү.

Ар бир класс жетекчи менен ар бир айда аткарыла турган иштер талкууланып,бекитилген.Ар бир ай ичинде,ар бир класс жетекчи тарбиялык сааттарды орчундуу маселелер боюнча иш алып барышты.Окуучулардын келип-кеткени,сабакка,коомдук иштерге катышуусу,мектеп формасын кийүүсү такай көзөмөлгө алынып турулду.

Сентябрь.

Билим күнүнө арналган салтанаттуу линейка өткөрүлдү.Мектеп босогосун аттап 21-окуучу 1-класска келди.Ар бир класс жетекчилер ачык сааттарды өтүштү.1-4-класстар “Менин досум компютер”,5-8-класстар “Санарип технологиялары адамдын турмушунда”,9-10-класстар”Бүгүнкү күндүн жана санариптик келечектин касиеттери”деген тема болду.

Жалпы ата-энелер чогулушу болуп,анда каралган маселелер.

1.Мектеп директорунун 2019-2020-окуу жылына карата аткарылган иш-чаралар боюнча отчет.

2.Камкордук кеңештин отчету.

3.Окуучулардын алып жүрүүсү,формасы,сабакка катышуусу жөнүндө.

4.Ар кандай маселелер каралды.

Биринчи маселе боюнча ата-энелерге мектеп директору Джакупова К.Д өткөн окуу жылына карата анализ берип кетти.

Класс жетекчилердин семинары 18.09.2019 өткөрүлдү.Анда тарбиялык журналды бекитүү тууралуу жана мугалимдин күзөттө турушу боюнча график түзүлдү.

“Уч буроо жалгыз тээк үч кыл комуз” дегендей 9-сентябрь комуз күнү деп белгиленди.Анда ар бир класстарда класстык сааттар өтүлдү.

Техникалык –коопсуздук эрежелери менен тааныштырууда,ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өткөн.

Класс –кабинеттердин тазалыгын сактоо боюнча ар жума сайын завхоз Жамангулов Эрнис,дежур мугалимдер болуп рейд жүргүзүлүп,жума сайын өткөрүлүүчү линейкадан жыйынтыкталып,эң таза класс мактоого арзып,калган класстарга эскертүүлөр берилип жатты.Март айына чейин таза делген 6-7-9-класстар болду.

Быйылкы жылдын тазалыгы өткөн жыл менен салыштырганда бирдей болду.Себеби тазалыкка көп көңүл бөлүнөт.

Мамлекеттик тил күнүнө карата “Эне тилим-эне сүтүм”деген темада кыргыз тил жумалык,адабий кечени Медербекова Наргиза жооптуу болуп өткөргөн.

Жыл сайын кыргыз тил жумалыгы өткөрүлүп келет.Быйылкы жылы адабий кече өзгөчө даярдык менен өткөрүлгөн.

Окуучулар жөнүндө маалыматты мектептин соцпедагогу Байсаева Мээрим топтогон.Анда көп балалуу үй-бүлө 26,аз камсыз болгон үй-бүлө 16,жарым жетимдердин тизмеси 8,томолой жетимдердин тизмеси жок,мектеп ичинде жана ИДН учетунда турган окуучулардын тизмеси жок,майып окуучу 1,ата-энеси соттолгон окуучунун саны 1.

Кыздар кеңешинин иш-планы түзүлгөн.Планда ар бир айда предметтик мугалимдерге аңгемелешүү,диспут,тегерек стол,маектешүү ар кандай темада бөлүнүп берилген.

Жылда кыздар жана балдар кеңешине план иштелип  чыгат.

Мектепке жаңы келген окуучулар менен иш алып барылды.5-класстын окуучуларын орто звеного ыңгайлаштыруу,алардын  жүрүшүн-турушунда өксүгү бар окуучулар менен  класс жетекчи жана соцпедагог тарабынан иш жүргүзүлдү.Окуучулардын курамы,алардын турмуш шарты 1-10-класска чейин  аныкталды.Соцпедагогдун иш-планынын негизинде иш аткарылып жатты.Балдарга карата зордук-зомбулукка каршы план иштелип чыгып,ал пландын негизинде иш алып барылды.Зордук-зомбулука жол берген үй-бүүлөлөр такталып,мектептин  социялдык паспорту түзүлдү.Окуучулардын сабактан кийинки алектенүүсү көзөмөлдөнүп турду.

Жыл сайын сентябрь айынап план түзүлүп,аткарылып жатты.

Октябрь.

“Улгайган курактагы адамдарга көңүл буруу жана камкордук”көрсөтүү боюнча айылыбызда “Улгайган адамдарды колдоо,ардактоо,урматтоо

сыяктуу жакшы салттарды жандандыруу,улуу муун менен өсүп келаткан келечек муундун ортосундагыбайланышты күчөтүү.

"Улгайгандар үйдүн кутуу!"деген аталышта сүрөт конкурсу өткөрүлдү.Окуулар өздөрүнүн сүйүктүү чоң ата, чоң апаларынын акылдуу,сымбаттуу,тажырыйбага мол жүздөрүн тартышты.

7-класстын окуучулары класс жетекчиси Керимахунова Клара менен биргеликте 80 жаштагы Жамангулова Турдугүл апага окуучулар тарабынан жардам көрсөтүлдү.

План боюнча жыл сайын карылар күнүнө арналган иш-чара өткөрүлүүдө.

"Мугалим- мөмөлүү дарак" майрамына карата пенсиядагы агай эжейлерди чакырып,майрамдык концерттер,дубал газеталар,класстык сааттар өткөрүлдү.

План боюнча "Мугалим-мөмөлүү дарак"иш-чарасы өз убагында ишке ашып келет.

Жаш өспүрүмдөр инспекциясы менен иш алып барылды.Окуучуларга профилактика өтүлдү.Окуучулар класс жетекчилердин көзөмөлүүндө болушту.Андан тышкары окуучулардын сабакка катышуусу көзөмөлгө алынып,класс жетекчилер тарабынан ата-энелерине жолугушуп,түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

Өткөн жылдагыга салыштырганда сабакты себепсиз калтырган окуучулардын саны аз болду.Өткөн жылы бир гана окуучуну себепсиз калтырган болсо,быйыл алардын саны да бир окуучу.

Мектептин ички жана тышкы тазалыгы дайыма көзөмөлдөнүп турат.Андан тышкары класс кабинеттерди жылуулоо боюнча биринчилерден болуп 4-9-класстын класс жетекчилери Өмүркулова Чынар,Байсаева Мээрим болду.Калган класс жетекчилер 11-ноябрдан калтырбай жылуулашты.

Күз берекеси,күзгү боектор конкурссу өтүлдү.Конкурс 8-9-10-класстар арасында кызыктуу болду.Өзгөчө күзгү жалбырактар менен жасалгалоо чыгармачылык менен иштелген.1-4-класстар арасында "Алтын күз"абдан жогорку деңгээлде өттү,2-класстар жеңичүү деп аныкталды.Дубал газеталар илинип,"Күзгү жалбырактар менен жасалгалоо"деп аталган көргөзмө сүрөттөр көргөзүлдү.

Октябрь айындагы соцпедагогдун иши.

Октябрь айында соцпедагогдун ишинде мугалимдер менен ата-энелер ортосунда мамиле түзүү катары чогулуш өткөрүп,ата-эне комитети менен тыгыз байланышта болуп,мугалимдерге берилген тапшырмалар аткарылып,мектепке жаны келген окуучулар 5-класстын окуучулары көзөмөлгө алынып,жыйынтыгында өздөрүн алып жүрүсү,тартиптери,класс жетекчиси менен тил табышып кеткендиги аныкталды.Профилактика иштерин күчөтүү жана сасык тумоого каршы иш-чара өткөрүлгөн.

Ноябрь

Класс жетекчилердин кеңешмеси өткөрүлдү.Каралган маселелер.

-күндөлүктүн абалын дайыма көзөмөлдөө;

-класстык журналдардын дайыма толтурулушу;

-класстык сааттардын темаларын толуктап,иш-пландарын толуктоо;

-класстардын тазалыгын,окуучулардын тартибин,сабактан калган окуучуларга чара колдонуу,окуучулардын формаларын көзөмөлдөө.

Бул кеңешмеге 10 мугалим катышып,жыйынтыгында кемчилиги бар класс жетекчилер эскертүү алышып,өз ойлорун айтышты.

Өткөн жылга караганда күндөлүктөрдүн абалы өз убагында каралып,класс жетекчилер тарабынан көзөмөлдөнүп жатты.Класстык сааттын иштелмелери өткөн жылы толук эмес болсо,быйылкы жылы өз убагында аткарылып жатты.

15-22.11.19 план боюнча ийримдердин иши көзөмөлдөндү.Анда Чебер колдор кружогунун жетекчиси Окенова Мээрим окуучулардын көркөм кол өнөрчүлүктүн түрлөрүн,алардын жаратылыш менен шайкеш келишине көңүл бурат. Кол өнөрчүлүктө кагаз,түрлүү картон,апликация,пласстилин,шуру,бисер,кийиз,ийне менен иштеп келет.

Өткөн жылы ийримдер пландын негизинде кагаз менен иштөө жумушу аткарылган болсо,быйылкы жылы да кол эмгек ийриминде өзгөчө бисер,шурулар менен иштөө болду.

Дене тарбия кружогу боюнча Жамангулов Эрнис 15окуучуну фудбол жана теннис боюнча тарбиялап келди.Бул мугалимдин ийримге карата планы түзүлгөн.План боюнча ийрим иши аткарылып келет.

Дене тарбия боюнча өткөн жылда аткарылган иштер,быйыл да өзубагында аткарылды.

Ноябрь айында окуучулардын сабакка катышуусу жана алардын жүрүм-турумун көзөмөлдөө пландалган.Келбеген окуучулардын ата-энелери менен жолугушуп,класс жетекчилер жана ИДН инспектору,тарбия иштери боюнча директордун орун басары биргелешип көзөмөлдөндү.

Өткөн жылы да иш жүргүзүлгөн.Быйылкы жылы да иш убагында аткарылып жатты.

Техникалык коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча ар бир класс жетекчи класстык сааттарды өтүштү.Техникалык коопсуздук эрежелери,каникулдагы коопсуздук эрежелери,жолдо жүрүү эрежелери,жолдо жүрүү эрежелери,кышкы каникулдагы коопсуздук эрежелерин сактоо боюнча иш алып барылды.

Пландалган боюнча коопсуздук эрежелерине жыл сайын иш аткарылып келет.

Ноябрь айында кыздар чогулушу өтүлгөн.Аны Өмүркулова Чынар "Кызды кырк үйдөн тыюу"деген темада тегерек стол өткөрүлгөн.

Ноябрь айында 1-10-класска чейин окуучуларга педагогикалык жактан колдоо көрсөтүлүшүн соцпедагог көзөмөлдөдү.ИДН инспектору менен жолугушу болуп,мектеп ичиндеги учетто турган балдар менен жана мүнөзү оор окуучулар менен тегерек стол уюштурулган.Себепсиз сабакты калтырган окуучулар жана алардын ата-энелери менен дайыма байланышта болуп,көзөмөлгө алынып жатты. Дайыма классынын ар бир окуучусун өз убагында текшерип,эмне себептен сабакка келбегенин,сабакка даярдыгы жоктугун көзөмөлдөгөн мугалимдер:Өмүркулова Чынар,Керимахунова Клара,Байсалова Дилбар,Медербекова Наргиза.

Эрте никеге туруу көйгөйү боюнча 8-9-10-класстарга соцпедагог Байсаева Мээрим видио ролик көрсөтүп,окуучулар менен тегерек стол өткөрдү.

Декабрь.

1-декабрь Бүткүл Дүйнөлүк СПИД оорусуна каршы күрөшүү күнүнө байланыштуу "СПИДке каршыбыз"аттуу темада 8-9-10-класстар арасында диспут өткөрүлдү.Ага 9-10-класстын окуучулары Жылкычиев Эльдар,Рахманова Адина кызыктуу маалыматтарды окуп,видиолор көрсөтүлдү.Айыкпас оорулардын бири бул ВИЧ СПИД оорусу.Бул дарт көп

жылдардан бери жер планетасынын чоң көйгөйү болуп,даарысы бүгүнкүгө чейин жок."СПИД жана аны алдын алуу"темасында ФАП кызматкери,Нуржамал Маматказиева окуучуларга түшүндүрүп айтып өттү.

Өткөн жылы СПИД оорусуна каршы иш-чаралар аткарылган жана бул жылы да пландалган боюнча аткарлды.

Себепсиз калтырган окуучулар менен класс жетекчи жана тарбия иштери боюнча директордун орун басары менен биргеликте ата-энелерине жолугуу жана ал ата-энелер сабакка катышууга келип,алардан түшүнүк кат алынып,ИДН кызматкерлерине билдирүү менен иш алып барылды.

Ар жыл сайын себепсиз калтырган окуучулар менен иш алып барылып келет.

Мектепте 26-27-декабрь күнү жаңы жылдык балаты өткөрүлдү.Жаңы жылдык балатыны өткөрүү боюнча иш планы иштелип чыкты.Жаңы жыл алдында техника коопсуздугу боюнча эрежелер эскертилип окуучуларга кол коюлуп алынды,жаңы жылдык программа,балаты майрамына карата мугалимдердин күзөтү уюштурулду.26-декабрь 5-10-класстар үчүн саат 9:00-17:00 чейин өтүлдү.Жаш өспүрүмдөр инспекциясы Алмаз Зайнидинов жана мугалимдер болду.Тартип бузуулар болгон жок.27-декабрь күнү 0-4-класска чейин өткөрүлдү.Балаты майрамына ар бир класстын ата-энелеринен аяз ата,аяз кыз болушту,жана аяз атанын баштыгын ар бир класстын ата-энелери өздөрү алышты.Жаңы жылга карата окуучулардын маанайы абдан жакшы,аяз атанын белегине ээ болушту.Жаңы жылга карата 5-6-7-8-9-10-класстар тарабынан дубал гезиттер даярдалып илинди.Ошо менен бирге Губернатордук балаты майрамына 2 окуучу жиберилди.

Өткөн жылы жаңы жыл майрамы куурчак театрынын коштоосу менен өткөрүлсө,быйылкы жылы ар бир окуучунун жаш өзгөчөлүгүнө жараша концерттик программаларынын негизинде өттү.

Кыздар кеңешмесинде пландалган боюнча "Кыз адеби кымбат"деген темада диспут өткөрүлгөн.Андан тышкары "Улууга урмат,кичүүгө кызмат"деген темада маектешүү өткөрүлдүү.

Өткөн жылы кыздар чогулушу ай сайын өтүп турган,бирок предметтик мугалимдердин иши аткарылган эмес.

Декабрь айындагы соцпедагогдун иши.

Декабрь айында тарбиясы оор окуучулардын үй-бүлөсүндөгү ата-энелер менен мамилесин көзөмөлдөө боюнча 5-11-класстар арасында аңгемелешүү болду.Бул аңгемелешүүгө класс жетекчилер да катышып,окуучулар ата-энелер тарабынан көзөмөлдөнүп сабактарына жардам берери,окуучуларына шарт түзүлгөндүгүн айтышты.Андан тышкары мектеп окуучуларынын укуктары тууралуу тегерек стол өткөрүлдү.Ар бир чейрек сайын класс жетекчилер ата-энелердин чогулушун өткөрүп,окуучулар ортосундагы тыгыз байланышты күчөтүү болуп турат.

Пландалган иш-чаралар өз убагында аткарылып жатты.

Январь.

13.01.2020 жылы класс жетекчилердин кеңешмеси болуп өттү.Анда 8 мугалим катышкан.Каралган маселелер:

-класс жетекчилердин ишин көзөмөлдөө;

-окуучулардын сабакка катышуусу

-ар кандай маселелер.

Өз убагында иш кагаздарын толтурган жана классына дайыма көзөмөл кылып турган;Медербекова Наргиза,Өмүркулова Чынар,Адилова Айсалкын.

Жыйынтыгында класс жетекчилердин иши өткөн жылга салыштырмалуу кагаз иштери толукталып келет.Мугалимдер өз убагында берилген тапшырманы аткарууга аракет кылып жатышат.

Күндөлүктордүн абалы январь айында пландалган эле,анда жалпысынан күндөлүктүн абалы жакшы.

Мүнөзү оор окуучулар менен январь айында иш алып барылды.Мүнөзү оор окуучулар менен соцпедагог тарабынан маектешүү болду.Ал 6-класстын окуучусу өзүн тынч алып жүрүүсү,сабактардан даярдыгы жок болгондугуна байланыштуу көзөмөлгө алынган.Соцпедагог алардын ата-энеси менен жолугушуп,себебин тактап,мугалимдердин көзөмөлүндө болду.

Сабакты себепсиз калтырган окуучулар менен ар бир класс жетекчилер алардын ата-энелери менен байланышып,түшүнүк каттар алынып,класстык журналга түшүрүлүп жатты.

Өткөн жылы ИДН кызматкери менен көп иш алып баруу болгон.Ал эми быйыл тартип бузуулар жок болгондугуна байланыштуу ИДН кызматкери менен байланышууга себеп болгон жок.

Жетим жана жарым жетим балдардын жашоо шартын иликтөө боюнча рейд жүргүзүлдү.Алардын саны 8 окуучу.

Ар бир айда өтүлүүчү кыздар кеңешмесинде Капарова Махабат"Жаш кыздар бүтүрүү кечесине бararда"деген ттемада диспут өткөн.

Өткөн жылга салыштырганда предметтик мугалимдер кыздар кеңешинде пландалган иш аткарылган эмес.

Январь айы соцпедагогдун иши.

Январь айында педагогикалык концепциясы жөнүндө түшүнүк берүү үчүн аңгемелешүү болгон .Зордук-зомбулукка каршы 7-10-класстарынын окуучуларына "Үй-бүлөдөгү зордук зомбулук менен күрөшүү"аттуу анкета алынган.

Окуу жылында "Манас"жаштарынын уюму "Боорукерлик"акциясын өткөрдү.29-январь күнү Боорукерлик жана жөнөкөйлүк адамдын жылдызы,боорукерлик адамдаагы эң жакшы сапат,эң таза сезим.ДЦПоорусу менен ооруган Токтогулов Адилеттин үйүнө барып,багын жыгып,отунун жарып бердик.Ушу күнү эле 80-жаштагы Умөталиева Шайыркүл апагада жардам бердик.

Февраль 10-февраль класс жетекчилер менен кеңешме өткөрүлдү.Каралган маселелер:

-окуучулар менен иш алып барууну анализдөө:

-ар кандай маселелер.

Бул кеңешмеге 7 мугалим катышкан.Предметтик мугалимдер ар бир окуучуну сабакка болгон кызыгуусун арттыруу жана кулк-мүнөзүнө дайыма көңүл буруп,соцпедагог менен тыгыз байланышта болгон.Ар бир аткарылган ишине мугалимдер анализ беришкен.

Ата-Мекенди коргоо күнүнө карата 8-9-10-класстын жигиттери менен бирдикте "Манас Таануу" интеллектуалдык телетаймаш болду.Таймашта эки команда болуп катышты.Аны жетектеген кыргыз тил жана адабият мугалими Медербекова Наргиза.

“Ооган согушу-айыкпас жара” деген темада Жамангулов Кенжебек окуучулары менен бирге афган согушунун ардагери Мамбеталиев Камчыбек менен жолугушу юолду.Мекенди коргоочулар күнүнө карата конкурстар өтүлгөн.Быйылкы жылы пландалган боюнча бардыгы өтүлгөн.

Томолой жана жарым жетимдердин жашоо-шартын иликтөөдө февраль айы.Анда мектептин соцпедагогу Байсаева Мээрим жана Кара-Булак айыл өкмөтүнүн социялдык жумушчусу Кубанычбек кызы Гүлжаз менен биргеликте рейд жүргүзүлдү.

Өткөн жылдагы пландалган иш-чаралар аткарылган жана быйыл да иш жүзүнө ашкан.

Февраль айындагы соцпедагогдун иши.

Окуу ишмердигинде кемчиликтерди азайтуу боюнча иш жүргүзүлгөн.Түшүндүрүү иштери,аңгемелешүү соцпедагог жана класс жетекчилер менен биргеликте алып барылды.Соцпедагог тарабынан зордук-зомбулук боюнча окуучулардан анкета алынып,лекциялар өтүлдү.Сасык тумоо вирусун алдын алуу максатында мектепте ар бир жума сайын класс-кабинеттерди хлордоп,дезинфекциялоо иши жүргүлүп жатты.

Жыл сайын пландалган иш өз убагында аткарылган.

Март .

3-март туу күнүнөарналган линейка өткөрүлдү.5-март Ак калпак күнүнө иш-чара өтүлдү.1-7-мартка чейин “Жаз сулуусу 2020”аттуу сынагы жогорку деңгээлде өттү.Спонсор ата-энелер тарабынан жеңүүчүлөргө баалуу белектер ыйгарылды.

13-март 3-10-класстар арасында “Менин таза мекткбим”аттуу ишембилик өткөрүлдүү.

Коранавирус илдетине байланыштуу 23-27-март,андан кийин 4-чейректи онлайын аралыктан окутулду.Бул мезгилде мугалимдер үйдөн окутуп жатышты,ага жооп керчиликти толугу менен ата-энелери көзөмөлдөдүү.

Апрель айынын башында 7-апрель Элдик революция күнүнүн 10-жылдыгына карата 8-класстын класс жетекчиси “7-апрель Элдик ыңкылап”аттуу видио ролик жасады.Аралыкта окууту боюнча класстык сааттар өткөрүлдү.

23-апрель “Эл аралык китеп күнү”деп белгиленген.Китеп каначы Абдыраимова Т.китеп жөнүндө видио сабак жазады.

8-май 2020-жыл аралыкта окуу боюнча “Улуу Жеңиштин 75жылдыгына”карата 1-10-класстарда класстык сааттар өткөрүлдү,класс жетекчилер тарабынан видио сабактар көрсотүлдү.

Мектепте тазалык иштери болуп,коранавирус илдетинен ар күн сайын дизинфекцияланып турду.

Акыркы коңгуроо аземин өткөрүү шартка байланыштуу 30-майда онлайн аркылуу өтүлдү,анда мекткп мүдүрү видио сабак аркылуу ата-энелерди,окуучуларды куттуктады,жана ушундай убакта ата-энелерге ыраазычылык сөзүнда айтып өттү.9-класстын бүтүрүүчүлөрүнө ак жол каалады.

1-июнь Эл аралык балдарды коргоо күнүнө карата башталгыч класстын мугалимдери видио сабак аркылуу өтүштү.

Жайкы эс алуу лагерь,шартка байланыштуу онлайн аркылуу өткөрүлдү,ага башталгыч класстардын мугалимдери үч жума өттү.

Жыл жыйынтыгы тарбия иштери боюнча директордун орун басары пландалган иш-аракеттердин бардыгы класс жетекчилер жоопкерчилик менен аткара алышты.Себеби ,жылдагыга караганда тарбия иштерине көбүрөөк көнүл бөлүнүп,ар бир мугалим берилген тапшырманы түшүнүү менен иш алып барды.Келерки жылда жакшы ийгиликтерге жетүүгө аракет кылабыз.

Тарбия иштери боюнча директордун орун басары: Байсаева Мээрим